DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.073

*Ормонова С.*

# ЭГЕМЕНДИК МЕЗГИЛДЕГИ АЙТЫШТАГЫ САТИРА МЕНЕН ЮМОР

*Ормонова С.*

# ЮМОР И САТИРА В ПЕСЕННЫХ СОСТЯЗАНИЯХ (АЙТЫШ) ПЕРИОДА НЕЗАВИСИМОСТИ

*S. Ormonova*

# THE HUMOR AND SATIRE OF SONG CONTEST (AITYSH) IN THE PERIOD OF INDEPENDENCE

*УДК: 821. 512. 154*

*Бул макалада советтик мезгилдеги айтышка салыштырмалуу эгемендикке ээ болгондон тарта айтыштын тематикалык, көркөмдүк-стилистикалык жактан диапазонунун кеңейишин байкоого болот. Бул, албетте, сөз эркиндиги жана мурдагыдай (советтик) цензуранын жоктугу менен байланыштуу. Айтыш табиятынан турмуш чындыгын кандай болсо так өзүндөй сүрөттөөгө багытталгандыктан, ал коомдук жагдайга жараша өзгөрүлүп турары анык. Өзгөчө, эгемендикке ээ болгон мезгилдин алгачкы этабында кайсы гана мамлекет болбосун өзүнүн тарыхый мурастарына кайрылып, түпкү улуттук руханий байлыктарын кайрадан көтөрүп чыгууга акцент жасаары дүйнө тарыхында мыйзам ченемдүү көрүнүш. Тематикалык жактан өзгөрүүлөр болуп, улуттук көрөңгөлөргө басым жасалган, кыргыз элинин салттык маданияты менен байланышкан жөрөлгөлөр өткөрүлө баштагандыгы. Буга мисал катары Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдыгына, Курманжан Датканын 200-жылдыгына, Өзгөчө эгемендик мезгилинин алгачкы этабында социалдык-маданий турмуштагы терс көрүнүштөр же болбосо мурда кездешпеген кандайдыр-бир жаңы коомдук элементтер сынчыл мүнүздөгү айтыштардын кеңири тарашына алып келди.*

***Негизги сөздөр:*** *эгемендик мезгил, кыргыз мамлекеттүүлүгү, коомдук, айтыш, улуттук көрөңгө.*

*В данной статье прослеживается тематический, художественный и стилистический диапозон айтыша с момента его независимости от советской эпохи. Это, конечно, связано со свободой слова и отсутствием (советской) цензуры. Поскольку айтыш по своей природе направлен на точное описание жизненных реалий, понятно, что он меняется в зависимости от социальной ситуации. Особенно на ранних этапах независимости для любого государства естественно обращаться к своему историческому наследию и ориентироваться на возраждение исконных национальных духовных богатств. Произошли тематические изменения, с акцентом на национальные сокровища и обряды, связанные с традиционной культурой кыргызского народа. Например, 2200-летие кыргызской государственности, 200-летие Курманжан Датки, особенно на первых этапах независимости, привели к распространению негативных явлений в социокультурной жизни или каких-то новых социальных элементов, которых раньше не было.*

***Ключевые слова:*** *период независимости, кыргызская государственность, публичный, песенное состязание, национальное сокровище.*

*Abstract: This article traces the thematic, artistic and stylistic diapozone of aytysh since it's independence from the Soviet era. This, of course, is due to the freedom of speech and the lack of (Soviet) censorship. Since aitysh is inherently aimed at accurately describing life's realities, it is clear that it changes depending on the social situation. Especially in the early stages of independence, it is natural for any state to turn to its historical heritage and focus on the renewal of the primordial national spiritual wealth. Thematic changes took place, with an emphasis on national treasures and rites associated with the traditional culture of the Kyrgyz people. For example, the 2200th anniversary of Kyrgyz statehood, the 200th anniversary of Kurmanzhan Datka, especially in the first stages of independence, led to the spread of negative phenomena in socio-cultural life or some new social elements that did not exist before.*

***Key words:*** *period of Independence, kyrgyz statehood, public, aytysh, national treasure.*

Кыргызстандын эгемендикке ээ болгон алгачкы мезгилинен тарта азыркы күнгө чейинки убактагы айтыш өнөрүндөгү сатира жана юмордун орду жалпы айтыш искусствосунун заман талабына ылайыкташкан өнүгүү тенденциясы менен тыгыз байланышта. Ар бир доордун маданияты өз учурунун коомдук, социал-маданияттык өзгөчөлүктөрүнө жараша өзүнө тиешелүү мүнөзгө ээ болору анык. Өзгөчө, эгемендикке ээ болгон мезгилдин алгачкы этабында кайсы гана мамлекет болбосун өзүнүн тарыхый мурастарына кайрылып, түпкү улуттук руханий байлыктарын кайрадан көтөрүп чыгууга акцент жасаары дүйнө тарыхында мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Совет мезгилинин гүлдөгөн жай турмушун даңтоого арналып, кыргыз элинин улуттук маданий байлыктарынын унутта калышына түрткү болгон социалисттик реализм XX-кылымга гана тиешелүү стиль катары тарыхта калды жана жаңы доордун өзүнө мүнөздүү болгон белгилери калыптанды. “Айтыш” сериясынын авторлору жазгандай, “Эгемендикти алган алгачкы жылдардан тарта акындардын айтыштарындагы башкы темалардын бири элдин эркиндиги, улут эгемендиги ырга салынып, кыргызды кыргыз кылган чыгаан инсандары, алардын өрнөк болор өмүр жолун даңазалоо иши колго алынды” [1, 3]. Белгилей кетчү нерсе, советтик мезгилде айтышта калыптанып калган алдын-ала даярдалган темада өтө турган аркандай мамлекеттик же коомдук деңгээлдеги юбилейлик маарекелерге, тарыхый инсандарга арналган иш-чараларда өткөн айтыштар формасы жагынан сакталып калды. Бирок, тематикалык жактан, албетте, өзгөрүүлөр болуп, улуттук көрөңгөлөргө басым жасалган, кыргыз элинин салттык маданияты менен байланышкан жөрөлгөлөр өткөрүлө баштады. Буга мисал катары Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдыгына,

Курманжан датканын 200-жылдыгына, Эгемендик майрамынын 20 жылдыгына, Тарых жана маданият жылына, Коргоол Досу уулунун 130 жылдыгына, Нооруз майрамдарына арналган жана белгилүү акындарды эскерүү маарекелери сыяктуу көптөгөн иш-чаралардын өтүшүн атасак болот. Эгемендик мезгилдеги саясий-экономикалык абалдын таасири астында бир-топ кыйынчылыка учураган маданият тармагында айтыш өнөрүнүн жок болуп кетпей өнүгүү жолуна түшүшүндө "Айтыш" фондусунун негизделиши (2001-ж.) жана анын ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн ролу баа жеткис экенин баса белгилеп кетүү абзел.

Мына ушундай шартта айтыш өнөрү замандын реалисттик толук картинасын ачып берүүгө багытталып жаңы нукка түштү жана бул процессте сатира менен юмордун ролу да сөзгө алаарлык десек жаңылышпайбыз. Жалпысынан алып караганда эгемендик мезгилдеги айтышта сатира жана юмор, көпчүлүк учурда, классикалык доордогудай "чучука жеткирген" өтө курч сатиралык элементтерди колдонуудан алыстыгы, ашкере басынтып кордоо ыкмасына салууну аз жана чектүү колдонуулуусу байкалат. Бирок, советтик мезгилдеги айтышка салыштырмалуу эгемендике ээ болгондон тарта айтыштын тематикалык, көркөмдүк-стилистикалык жактан диапазонунун кеңейишин байкоого болот. Бул, албетте, сөз эркиндиги жана мурдагыдай (советтик) цензуранын жоктугу менен байланыштуу. Айтыш табиятынан турмуш чындыгын кандай болсо так өзүндөй сүрөттөөгө багытталгандыктан, ал коомдук жагдайга жараша өзгөрүлүп турары анык. "Совет мамлекетинде жаман жагын жашырып, жакшысын жар салуу, гүлдөгөн совет элинин эркин турмушун баяндоо, мактоо, жар салуу айтыштардагы башкы милдет болсо, эгемендүүлүк жылдарында айтыштын нугу коомдук терс көрүнүштөрдүн бетин ачып сынчыл мүнөз күткөндүгүн көрүүгө болот" [6, 179]. Өзгөчө эгемендик мезгилинин алгачкы этабында социалдык-маданий турмуштагы терс көрүнүштөр же болбосо мурда кездешпеген кандайдыр-бир жаңы коомдук элементтер сынчыл мүнүздөгү айтыштардын кеңири таралшына алып келди. Мындай айтыштарда сатиралык элементтер негизги көркөм каражаттардын бири катары колдонулаары талашсыз. «Буруп сүйлөгөн күлөргө жакшы» деп эл арасында айтылгандай, жаңы муундун айтышчылары салттуу ыкмаларды колдонуп каршылашын "сөздөн кармап" анын маанисин бура сүйлөп, күчөтмө түрүнө салып же пародиялаштырып, какшыктоо, ирония, сарказм сыяктуу методдор менен айтышка сатиралык мүнөз беришет. Сатиралык элементтер эгемендик мезгилде жалпысынан саясат, маданий-социалдык, адеп-ахлактык менен байланышкан коомдогу жаңы көрүнүштөрдү ачып берүүдө кеңири колдонулат. Ошону менен бирге эле акындардын бири-биринин кемчиликтерин, сырт-келбеттерин сындаган жеке маанидеги айтыштары кездешет. Бул учурда негизинен жеңил юморду байкоого болот.

Эгемендик мезгилде Кыргыз мамлекети саясий кыйынчылыктарды башынан өткөрүп бир-топ саясий-экономикалык кризиске кабылгандыктан коомчулукта бийлик өкүлдөрү, жалпы эле өлкө башчылары каттуу сынга алынып элдин наразычылыгын жаратканы белгилүү. Мындай көрүнүш, албетте, акындардын көз жаздымында калган жок. Курч мүнөздөгү сатиралык элементтердин колдонулушун саясий теманы козгоп же кыстырма кылган акындардын айтыштарынан ачык байкалат. Мисалы, 2016-ж. Тарых жана маданият жылына карата өткөн айтышта Аалы Туткучевдин Абдылда Нуралиев менен болгон айтышында депустаттарды төмөндөгүчө сындайт:

"А десем деле болбойсуз,
Бу десем деле болбойсуз,
Мейли байке кептердин,
Башкасын кошуп ырдайлы
Калкым кресло дейт мындайды.
Отуруп бир аз жыргайлы.
Уйкум эле келип баратат,
Тарта албай муң-кайгы.
Депутаттар эмнеге,
Уктай эле берет десе эмнеге
Кресло сонун турбайбы
Эми айланайын калайык,
Абдылда байкем жүгүрдү
Бул алп Манастын таптаган,
Аккула буудан атындай.
А мен болсо артында,
Ала албайм дагы жакындай.
Эртеден кайра күн тийди,
Кайрадан жамгыр тапырайт.
Булуттун көзү басылбай.
Погодаңар жакшы экен,
Бийликтин саясатындай.
Акындар келет экен деп,
Айтылар балким шекер кеп.
Баарыңар мында топтолуп", [2, 408-418-бб.] -

бул үзүндүдө акын какшыктоо аркылуу депутаттардын ишмердүүлүгүн сындайт. Депутаттардын уктап калган учурлары телекадрларда көп кездешкендиктен мындай какшык элди дароо күлдүрөөрү анык.

Ал эми II-Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөрүлгөн Х-эл аралык айтыштан (2016-ж.) Айтпай Жумагулов менен Азамат Болгонбаевдин айтышы Кыргызстан менен Казакстандын эл аралык мамиле жаатындагы саясаты эле эмес эки мамлекеттин ички саясатында, коомчулугунда болгон өзгөчөлүктөр, мүчүлүштүктөр сатиралык нотада белгиленет. Анда Азамат Болгонбаевдин:

"Кыргыздардан ашыгып
Чек арасын курчаган зымың
Аман жатабы? - деп зымдын амандыгын сурап

какшык менен учурашуусу, анын чек ара темасын козгоп чымчыкей кымтышынын өзү эле айтышты сатиралык нукка бурат. Бирок, атаандашынын козголгон теманы жымсалдап каалоо-тилек менен жооп бериши Азамат акынга жага бербейт:

Чек ара деген нерсени,
Алып салуу керек деп,
Карачы, ак калпак элге даңктайсың?
Кереги не деп чек ара,
Казакка барганда неге айтпайсың?

Андан ары ал дагы да болсо терең маанини камтыган ой-пикирин сатиралык мүнөздө билдирет:

Ак калпак кыргыз калкыңды
Таптаган балдар келсе экен.
Ак сүтүн апаларынын,
Актаган балдар келсе экен.
Каркыра, Үзөнгү-Кууштарын,
Сатпаган балдар келсе экен” [3, 264-б.].

Аталган айтыштагыдай эле акындын саясий-коомдук маселелерди козгоп, жер сатуу менен байланышкан келишимдерге каршы пикирин билдирген учур Токтогулдун 150 жылдыгына арналган эл аралык айтышта Эржеңис Абдиев менен Аалы Туткучевдин айтышында да бар:

Аалы:
“Каркыра менен тээтиги
Үзөнгү Кууш болбосо,
Башка баардык төр аман” [3, 399-б.].

Акындар бири-бирине тийишип жеке маанидеги таймаш курушкан учурлар негизинен юмордук тондо өтөт. Ошол эле учурда мындай айтыштарда эгемендик мезгилдин актуалдуу маселелеринине кайрылуу кездешпей койбойт. Айталы, Мухтар Ниязов менен Азамат Болгонбаевдин айтышында Мухтардын Азаматты сарказам менен шылдыңдаганы:

Бетиң да толупту гой армансыз болуп,
Тойгон козудай толуптур карын дагы.
Жежирейип бир жакка жак кетиптир
Астыңа байкап турмун ат жетиптир.
Сен ошо айтыш коомун башкаргандан,
Такымыңан байкаймын такты өтүптүр.
Бирок да армансыз бир семирипсиң,
Дебеймин жанарыңдан от кетиптир.
Орунуңуз Асылбекке оошкон менен,
Форумуңуз өзүңүздө кап кетиптир.
Дал ушундай айтпасам уяттуу гой,
Бул жигитти байкаймын туяктуу гой,
Азаматка эмесе сөз берейин,
Кыраанды самап жүргөн кыякты гой.
Фамилияң Болгонбаев болгон менен,
Карының Толгонбаев сыяктуу гой.
Азамат:
Толуп кеткен себебим.
Жүрөктө
Тоолордун деми жатпайбы.
Манчыркап кеткен жерим жок.
Көөдөндө
Манастын деми жатпайбы
Мухтар:
Азамат карының менен мактанасың,
Карыныңы эч ким келип санашпайды.
Кечээ бирок Москөөдөгү жагдайлар,
Кандайча кыйындыкка жол ачпайды.
Ошондуктан ар жагдайды ойлоп жүрчү.
Менин айтып турганым жок огаз жайлуу.
Антпесе толсоң дагы, соолсоң дагы
Мен сага сөз айтпаймын Манас жайлуу.
Москва жактан карындаштар карды ачканда,
Биздерге карын чыккан жарашпайды.
Азамат:
Карын эле карын деп,
Кайра-кайра айтасың
Сен менин карыныма ашыгып.
Карынды эле айтасың,
Кайра-кайра козгойсуң,
Элдин ырыскысын аяган ,
Сен бир пейили тар окшойсуң.
Карынын айтпай акындын,
Кадырын айтып ырдайлы.
Казак менен кыргыздын,
Манастан бери келаткан,
Тамырын айтып ырдайлы [5, 266-278-бб.] - деп, эң көйгөйлүү маселелердин бири болгон миграция темасы көтөрүлөт.

Жыйынтыктап айтсак, эгемен мезгилиндеги айтыштарда көбүнесе саясатка, улуттук көрөңгөлөргө ж.б. басым жасашып, айтышта акындар олуттуу коомдук маселелерге кайрылышпайт да жөн гана бири-бири менен жеңил юмордук нукта тамашалашып, элдин маанайын көтөрүүнү максат кылышкан. Ал эми адеп-ахлак, руханий байлык, инсандык сапаттарга байланышкан актуалдуу маселелер эгемендик мезгилдеги акындардын чыгармачылыгында кеңири орун алган. Мындай учурда, өзгөчө, жаштардын жүрүм-турумун катуу сындоо көп кездешет.

**Адабияттар:**


1. Айтыш: 6-том. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар. Түз. А. Акматалиев, М.Көлбаева. - Б., 2016. - 3-б.
2. Айтыш: 7-том. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар. Түз. А.Акматалиев, М. Көлбаева. - Б., 2016. - 408-418-бб.
3. Айтыш: 7-том. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар. Түз. А.Акматалиев, М.Көлбаева. - Б., 2016. - 264-б.
4. Айтыш: 7-том. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар. Түз. А.Акматалиев, М.Көлбаева. - Б., 2016. - 2016. - 399-б.
5. Айтыш: 7-том. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар. Түз. А.Акматалиев, М. Көлбаева. - Б., 2016. - 266-278-бб.
6. Көлбава М. Айтыш өнөрүнүн табияты (Эволюция. Жанр. Поэтика). - Б.,2015. Дисс. 179-б.